Бекитемин

Директор: М.С.Турунов

**Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобо**

1. **Жалпы жоболор:**

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин Уставынын негизинде иштелип чыкты;

1.2. Жобо окуу жылы ичинде 5-11-класстардын окуучулардын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоочу ирээтке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп саналат;

1.3. Бул жобо – нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт;

1.4. Билим сапатын көзөмөлдөө – билим берүү процессин зарыл компонентинин бири;

1.5. Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү акыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдмн сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы;

1.6. Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячынын, ошондоц эле мектептин ишинин сапатын аныктоого багытталат;

1.7. Окуу – максаты билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым-байланыш. Билим берүүнүн сапаты – билим берүүнүн системасына мүнөздөмө берүү;

1.8. Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:
   1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары;
   2. Бирикме жетекчилери;
   3. Аткаруучулар – предметтик мугалимдер.

2. **Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби.**

2.1. Асан Жансейитов атындагы орто мектебинде билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу – биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын

билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат;

**2.2.** Көзөмөл жүргүзүүдө календарлык-тематикалык планда резерв сааттардын эсебинен саат бөлүнүп, окуучулардын ишине баалоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт;

**2.3.** Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу, талдоо жүргүзүү, жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт;

**2.4.** Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин окуу жылдын башында бекитилген окуу- тарбия процессинин мугалимдери милдеттүү;

**2.5.** Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.